Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Пакистан Ислам Республикасынын жана Кытай Эл Республикасынын Өкмөттөрүнүн ортосундагы транзит ташуулары жөнүндөгү

М А К У Л Д А Ш У У

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Казакстан Республикасынын Өкмөтү, Пакистан Ислам Республикасынын Өкмөтү жана Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү мындан ары Макулдашып жаткан Тараптар деп аталып, макулдашып жаткан мамлекеттердин ортосунда өз ара пайдалуу соода-экономикалык кызматташууну өнүктүрүүнү колдоо жана кургак жер боюнча сооданы ишке ашыруу максатында достук мамиледен келип чыгуу менен төмөнкүлөр тууралуу макулдашты:

I статья

Макулдашып жаткан Тараптар транзит жүктөрүн өз ара макулдашкан багыттар боюнча ташуу үчүн шарттарды камсыз кылат.

Макулдашып жаткан Тараптар транзит ташууларын ишке ашыруу үчүн көп жактуу транспорт режимин кабыл алууну макулдашты. Мында транспорт каражатынын таандыгына карата айырмалоо болбойт.

II статья

Макулдашып жаткан башка Тараптардын аймагы аркылуу багажды кошкондогу жүк ташуу жана транспорт каражатынын кыймылы транзит деп аталат.

III статья

Транзит ташуулары макулдашып жаткан өлкөлөрдө катталган транспорт каражаты менен ишке ашырылат.

Эл аралык транспорттун уруксат берүү системасы транзит ташуулары үчүн алынган транспорт каражаттарына карата колдонулат.

IV статья

Транзит ташуулары үчүн чек ара өткөөлдөрү жана кургак жердеги багыттар 1-тиркемеде келтирилген.

Кошумча багыттар Макулдашып жаткан Тараптардын ортосунда мезгили менен макулдашып турушу мүмкүн.

Транзит ташууларын даярдоо иши Макулдашып жаткан Тараптардын компетенттүү органдары тарабынан макулдашылат.

V статья

Макулдашып жаткан бир Тараптын транспорт каражатынан Макулдашып жаткач ка Тараптардын аймагында, Макулдашып жаткан ар бир Тараптын ички эрежелерине ылайык транзит ташуулары, акы төлөнүүчү жолдорду, көпүрөлөрдү жана өткөөлдөрдү пайдалануу, ошондой эле

көрсөтүлгөн кызмат үчүн жыйымдардан тышкары, пошлиналар жана салыктар алынбайт.

VI статья

Макулдашып жаткан Тараптар транзит аркылуу өткөн транспорт каражатынан жолду пайдаланганды үчүн акыны кошкондо жол жыйымын алышы мүмкүн.

VII статья

Транзит жүктөрүнүн жүрүшүнө жагымдуу шарт түзүш үчүн Макулдашып жаткан Тараптардын бажы органдары өз ара макулдашкан атайын бажы иштерин жана каадаларын иштеп чыгат.

VIII статья

Макулдашып жаткан Тараптар өз аймагында жол боюндагы түзүлүштөрүнүн мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө аракеттенет жана кирүү-чыгуу пункттарында андан ары жүрүүгө бажылык жасалганы күтүп турган транспорт каражаты үчүн ачык жана жабык курулуштарды камсыз кылып, алардын пайдаланылышы үчүн акы алышат.

Коркунучтуу жана эпсиз жүктөрү бар транспорт каражаттары үчүн өзүнчө курулуштар каралат.

IX статья

Макулдашып жаткан Тараптар темир жол вагондоруна, автотранспортко жана соодалык деңиз кемелерине болгон муктаждыкты мүмкүнчүлүгүнө жараша канаттандырууга аракеттенет.

X статья

Макулдашып жаткан Тараптар ар түрдүү транспорт ташууларынын наркы, порттогу жана башка жыйымдар абдан ылайыктуу түрдө каралаарына жана Макулдашып жаткан Тараптардын транзит товарлары өз өлкөсүнүн улуттук жүгү сыяктуу эле шартта ташылаарына макул болушту.

XI статья

Макулдашып жаткан Тараптар макулдашып жаткан мамлекеттердин ортосунда жүк ташууну тездетүү мүмкүнчүлүгүн берүү максатында документтердин атайын пакетин кабыл алууга макул болушту.

XII статья

Макулдашып жаткан Тараптар улуттук мыйзамдар бузулган учурда коомдун копсуздугу, адеп, гигиена, адамдын өмүрүн жана жаныбарлар, өсүмдүк дүйнөсүн коргоо, соода белгилери жана аларды көчүрмөлөө маселесинде гана эмес, ошондой эле экономикага жана аймакка зыян келтирүүчү аракеттерге транзиттик ташууларга да каалагандай тыюу салуу жана чектөө коюу укугуна ээ.

XIII статья

Макулдашып жаткан Тараптар (ушул Макулдашууга мүчө болбогон мамлекеттердин) контрабандалык товарлардан, курал жана ок-дарыдан, баңги заттардан, ошондой эле Макулдашып жаткан Тараптардын мыйзамдарында ташып кирүүгө жана ташып чыгууга тыюу салынгандан башка өзүлөрүнүн да, үчүнчү өлкөлөрдүн да товарларын өзүлөрүнүн аймагы аркылуу эркин ташып өтүүгө өз ара мүмкүнчүлүк беришет.

Эл аралык соода практикасына, бажы эрежелерине жана башка эл аралык милдеттенмелерге ылайык ташылып кирген транзит товарларын ошол аймагы аркылуу ташылып өтүүчү Макулдашып жаткан Тарап коргойт.

XIV статья

Ушул Макулдашууда камтылбаган маселелер Макулдашып жаткан Тараптардын ортосунда кеңешүү аркылуу чечилет.

XV статья

Макулдашып жаткан ар бир Тарап ушул Макулдашуунун аткарылышын биргелешип көзөмөлдөө жана келип чыккан маселелерди өз өлкөсүнүн компетенттүү органдарына тезинен көрсөтүү үчүн жооптуу адамдарды дайындоого тийиш. Ушул Макулдашууну ишке ашырууда келип чыккан кандай гана маселе болбосун, Макулдашып жаткан Тараптардын бардык жооптуу адамдары тарабынан алардын өз ара макулдашуусуна жараша улам талкууланат. Мындай кеңешүүлөр календарлык жыл ичинде бирден кем эмес жолу өткөрүлөт.

Ушул Макулдашууну ишке ашырунун жолун жана эрежелерин Макулдашып жаткан Тараптардын бута укуктуу органдары иш үстүндөгү жолугушууларда иштелип чыгат.

XVI статья

Макулдашып жаткан Тараптар ушул Макулдашууну чечмелөөгө байланышкан кандай гана пикир келишпөө болсо да сүйлөшүү аркылуу чечүүгө жана эгерде аларды жөнгө салууга мүмкүн болбосо, тараптардын бардыгына ылайыктуу арбитраждын кароосуна алып чыгууга жана ошол арбитраждын чечимин бардыгы аткарууга милдеттүү экендигине макул болушту.

XVII статья

Ушул Макулдашууга оңдоолор жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

Кандай гана оңдоо болбосун, депозитарийге жиберилип, ал Макулдашып жаткан Тараптарга бул тууралуу маалымдайт.

Оңдоолор Макулдашып жаткан Тараптардын макулдугу менен кабыл алынат жана өзүнчө протоколдор менен жасалат.

XVIII статья

Ушул Макулдашуу Макулдашып жаткан Тараптар Макулдашуунун күчүнө киришине зарыл бардык мыйзамдоо иштерин аткарышканы жөнүндө акыркы жолу билдирген күндөн баштап күчүнө кирет.

Билдирүүнү депозитарий-мамлекет алат.

Аймагында ушул Макулдашууга кол коюлган мамлекет депозитарий болуп саналат.

XIX статья

Ушул Макулдашуу 5 жыл бою аракеттенет. Бул мөөнөт аяктагандан кийин ал кийинки 5 жылга дароо узартылат.

Макулдашып жаткан ар бир Тарап ушул Макулдашуунун аракеттенүү мөөнөтү аяктаардан 6 ай мурда кечиктирбей өзүнүн ниетин депозитарийге жазуу түрүндө билдирүү аркылуу ушул Макулдашудан чыга алат.

XX статья

Ушул Макулдашуу башка мамлекеттер үчүн ачык жана алар Макулдашып жаткан бардык Тараптардын макулдугу менен ага кошула алышат.

XXI статья

1995-жылдын 9-мартында Исламабад шаарында англис, орус жана Макулдашып жаткан Тараптардын мамлекеттик тилинде аткарылып, мындагы тексттердин бардыгынын күчү бирдей.

Түп нускасы Пакистан Ислам Республикасында сакталып, ал Макулдашуунун бардык катышуучуларына аның ырасталган көчүрмөлөрүн жиберет.

Макулдашып жаткан Тараптар ушул Макулдашуунун текстин чечмелөө маселесинде англис тилиндеги текстти пайдаланышат.

Казак Республикасынын
Өкмөтү үчүн

К.Мухамеджанов

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтү үчүн

Ж.Сатыбалдиев

Кытай Эл Республикасынын
Өкмөтү үчүн

李居昌
Ли Ю Чанг

Пакистан Ислам Республикасынын
Өкмөтү үчүн

М.Шер Хан

Тиркеме

ТРАНЗИТ КЫЙМЫЛЫ ҮЧҮН ЧЕК АРА ӨТКӨӨЛДӨРҮ ЖАНА КУРГАК ЖЕРДЕГИ БАГЫТТАР

Макулдашып жаткан Тараптар транзит ташуулары үчүн төмөнкүдөй чек аралык көзөмөл өткөөлдөрү жана багыттар тууралуу макулданты:

1. Чек ара өткөөлдөрү

Пакистан	— Суст жана Карачи порту
Кытай	— Кунжраб, Торугарт жана Хоргос
Кыргызстан	— Торугарт жана Ак-Жол (Луговая п.)
Казакстан	— Георгиевка жана Хоргос

2. Кургак жердеги багыттар

Кургак жердеги багыттар убактылуу төмөнкүдөй макулдашылат:

A. Пакистан — Кытай — Кыргызстан — Казакстан

B. Кытай — Казакстан

C. Кытай — Кыргызстан

Макулдашып жаткан Тараптар тийиштүү жерлерде алардын барышына шарт түзүш үчүн соода багыттарындагы жолдорду ылайыктуу абалда сактоонун зарылдыгын тааныйт.